**“Пробациялык көзөмөлдүн шарттарын аткаруу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

1. **Максаты жана милдеттери**

Ушул Мыйзам долбоору пробация кардарына жүктөлгөн пробациялык милдеттерди жана көзөмөлдөө талаптарын, ошондой эле коомдон обочолонтуу менен байланышпаган кылмыш жазаларын өтөө шарттарын бузгандыгы үчүн колдонулуучу чараларды белгилөө максатында иштелип чыккан.

2. **Баяндоочу бөлүгү**

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде жана Жазык-аткаруу кодексинде коомдон обочолонтуу менен байланышпаган кылмыш жазаларын жана пробациялык көзөмөлдүн өтөө шарттарын жүйөлүү себептерсиз бузгандыгы үчүн кесепеттер каралган.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 168-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык соттолгон адам пробациялык көзөмөлдүн шарттарын жыл ичинде жазуу жүзүндөгү эскертүүдөн кийин жүйөлүү себептерсиз кайталап бузган учурда пробация органы сотко ага карата мурда белгиленген милдеттерди толуктоо жөнүндө сунуш жиберет.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине ылайык мыйзамда белгиленген мөөнөттүн ичинде пробация органына жүйөлүү себептерсиз келбеген же жазаны өтөөдөн кыянаттык менен качкан кардарларга пробация органы сотко жазанын башка түрү менен алмаштыруу жөнүндө сунуш киргизет.

Пробация органынын негизги милдеттеринин бири пробация кардарларын оңдоо жана кайра социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү болгондуктан, азыркы учурда пробация кардарларынын көпчүлүгү ишке орношуп жана билим берүү мекемелеринде окуп жатышат.

Пробация кардарына кошумча милдеттерди жүктөө кардар үчүн кошумча убакытты талап кылган чектөө болуп саналат жана алардын ишине же окуусуна тоскоол болушу мүмкүн.

Ушуга байланыштуу долбоордо соттолгонго карата мурда белгиленген пробациялык милдеттерди толуктоо жөнүндө сотко сунуштаманы жиберүүнүн ордуна кайталап бузууда соттолгонго карата пробациялык айып салуу сунушталат.

Пробация кардарлары тарабынан эреже бузуулар үчүн пробациялык айыптар соттун жана мыйзамдардын белгиленген талаптарын сактабаган учурда тартипти жогорулатууга, жоопкерчиликти күчөтүүгө, ошондой эле кардарды андан ары пробациялык көзөмөлдүн шарттарын бузбоого түрткү берет, ошону менен көзөмөлдөө иш-чараларынын натыйжалуулугун камсыз кылат.

Ошондой эле долбоордо Жазык-аткаруу кодексин $168^1$-берене менен толуктоо сунушталат, анда “пробациялык айып” түшүнүгүн аныктоо, пробациялык айып салуу жана аткаруу тартиби каралган.

Пробациялык айып менен Жазык-аткаруу кодексинин 48, 58, 64, $160^4$ жана 168-беренелеринде каралган учурларда пробациялык көзөмөлдүн жана коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жазык жазаларын өтөөнүн шарттарын бузган соттолгонго карата пробация органы тарабынан салынуучу акчалай жаза түшүнүлөт.

Кардар көзөмөлдө турган мезгилде укук бузганы үчүн “пробациялык айып” түрүндө акчалай өндүрүүнү колдонуу Пробация департаментинин атайын эсебине келип түшөт.

Белгилей кетсек, пробациялык көзөмөлдү жана Кыргыз Республикасынын сот тарабынан белгиленген мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн айыптар Пробация департаментинин эсебине жиберилет.

Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору менен сунушталган өзгөртүүлөр Пробация департаментинин эсебинин олуттуу көбөйүшүн жана материалдык-техникалык базасын жакшыртууну карайт.

Пробациялык айыпты төмөнкү ойлордун негизинде 20 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө белгилөө сунушталат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык экономикалык иш-аракеттин түрлөрү боюнча кызматкерлердин эмгек акысы 2022-жылдын август айында:

| **Экономикалык иш-аракеттердин түрлөрү** | **Эмгек акы (сом)** |
|---|---|
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык өстүрүү | 19 355 |
| Тоо-кен казып алуу | 54 148 |
| Өндүрүш өнөр жайы | 26 769 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 35 261 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана экинчи чийки затты алуу | 21 919 |
| Курулуш | 25 564 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 24 937 |
| Транспорт иши жана жүктөрдү сактоо | 38 252 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын иштери | 17 912 |
| Маалымат жана байланыш | 55 195 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 43 450 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 20 733 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 34 210 |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | 20 918 |
| Мамлекеттик башкаруу | 36 885 |
| Билим берүү | 18 226 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 20 694 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 17 560 |
| Башка тейлөө иш-аракеттери | 17 132 |

Жыйынтыгында орточо эмгек акы ≈ 28901 сомду түзөт.

Пробациялык айыптын өлчөмү Укук бузуулар жөнүндө кодекстин 31-беренесине ылайык эсептелген, ага ылайык айыптын максималдуу өлчөмү укук бузуу аныкталган мезгил үчүн жеке же юридикалык жактын бардык товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатуудан түшкөн акчасынын суммасынын жыйынды өлчөмүнүн ондон биринен ашпоого тийиш.

28901*1/10 = 2890,1 сом.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 65-беренесине ылайык айып эсептик көрсөткүчтөр менен эсептелет жана 200дөн 25000ге чейинки эсептик көрсөткүчтөр өлчөмүндө белгиленет.

Пробация кардарлары негизинен калктын социалдык жактан аялуу жана коркунучтуу катмары болуп саналгандыктан, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык эсептик көрсөткүчтүн 200 өлчөмүндө эң төмөнкү айып пулду кабыл алууда пробациялык айыпты жоюу максатында башка укукка каршы кылмыштарды жасоо үчүн шарттарды түзүшү мүмкүн. Мамлекеттик жарандык кызмат боюнча Кеңештин 2020-жылдын 3-сентябрындагы №23 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин системасындагы коррупциялык кызмат

орундарынын тизмесине ылайык пробация органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн кызмат орундары коррупциянын жогорку деңгээлине кирет.

Ушуга байланыштуу пробациялык айыптын суммасын 20 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө белгилөөнү сунуштайбыз.

Мындан тышкары, долбоор менен Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 48-беренесинин 1, $1^1$, 2, 4-бөлүктөрүнө, 58-беренсинин 1, $1^1$, 2, 4-бөлүктөрүнө, 64-березенин $2^1$, 3-бөлүктөрүнө, $160^4$-беренесинин $1^1$, 2-бөлүктөрүнө жана 168-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталат. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 61-беренесинин 5-бөлүгү, 62-беренесинин 4-бөлүгү, 64-беренесинин 4-бөлүгү, 84-беренесинин 2-бөлүгү жана 87-беренесинин 2-бөлүгү.

Пробация кардары көзөмөл талаптарын эки же андан көп жолу бузган учурда пробация органы сотко жазанын башка түрү менен жазаны алмаштыруу жөнүндө жана пробациялык көзөмөлдү жокко чыгаруу жана аны дайындалган жазаны өтөө үчүн жиберүү жөнүндө сунуш жиберет.

Ошол эле учурда долбоор менен Кыргыз Республикасынын "Пробация" жөнүндө Мыйзамына, тактап айтканда ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр жөнүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекске жана Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекске өзгөртүү киргизүү, тактап айтканда республикалык бюджеттин кирешесине пробациялык айыпты киргизүү сунушталат.

Ушул Мыйзам долбоору кабыл алынгандан кийин мыйзам алдындагы актылардын төмөнкү долбоорлорун демилгелөө пландаштырылууда:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-апрелиндеги "Атайын эсептерде топтолуучу башка каражаттар жөнүндө" № 233 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы №604 токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 666 токтому.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзам долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык бул долбоор коомдук талкууга алынууга жатат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорду талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоору жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **А.Б. Баетов**